УДК 81.362:372.881.111.22(575.2)(043.3)

**Уметов К. К.**
филология илимдеринин кандидаты
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*

## КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ СӨЗ ЖАСОО МАСЕЛЕСИ

**Уметов К. К.**
кандидат филологических наук
*КНУ им. Ж.Баласагына*

## ПРОБЛЕМА СЛОВООБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

**Umetov K. K.**
candidate of philological sciences
*KNU named Zh. Balasagyn*

## THE PROBLEM OF WORD FORMATION IN THE KYRGYZ LANGUAGE

**Аннотация.** Макалада кыргыз тилиндеги сөз жасоонун изилдениш тарыхы, сөз жасоонун өнүгүшү жана колдонулушу жөнүндө кыскача баяндалат. XX кылымдагы И. А. Батманов, Б. М. Юнусалиев, Б. Орузбаева ж.б. кыргыз тилчи-илимпоздорунун сөз жасоо проблемалары, анын морфологиялык, синтаксистик же аналитикалык ыкмалары, морфологиялык каражаттары, анын ичинде сөздүн маанисин өзгөртүп, жаңы сөз жасоочу морфологиялык элементтери жөнүндө жазган эмгектери тууралуу сөз болот.

**Негизги сөздөр:** сөз жасоо, кыргыз тили, илимий эмгек, макала, тилдердин структурасы, этимология, лексика, сөз, фонетика, диалект, сөз жасоо, эне тил, аффикс, морфема.

**Аннотация.** В статье кратко описана история изучения словообразования в кыргызском языке, его развитие и использование. Речь идет о трудах таких кыргызских ученых-лингвистов XX века, как И. А. Батманов, Б. М. Юнусалиев, Б. Орузбаева и др., посвященных проблемам исследования словообразования, его морфологических, синтаксических или аналитических приемах, морфологических средствах, в том числе морфологических элементах, изменяющих значение слов и создающих новые слова.

**Ключевые слова:** словообразование, кыргызский язык, научная деятельность, артикул, структура языка, этимология, лексика, слово, фонетика, диалект, словообразование, родной язык, аффикс, морфема.

**Annotation.**The article briefly describes the history of the study of word formation in the Kyrgyz language, its development and use. We are talking about the works of such Kyrgyz linguistic scientists of the 20th century, as I. A. Batmanov, B. M. Yunusaliev, B. Oruzbaeva et al., dedicated to the problems of the study of word formation, its morphological, syntactic or analytical methods, morphological means, including morphological elements that change the meaning of words and create new words.

**Keywords:** word formation, Kyrgyz language, scientific activity, article, language structure, etymology, lexicon, word, phonetics, dialect, word formation, native language, affix, morpheme.

Дүйнөдөгү ар бир тилдин структуралык өзгөчөлүгү бар. Алар сөз өзгөртүү, сөз жасоо мүмкүнчүлүгү жагынан, бири-биринен ашык же кем эмес. Бул жагынан тилдердин бардыгы бирдей. Түрк тилдеринде, ошондой эле кыргыз тилинде да, сөздөрдү түзүүчү каражаттар жалаң эле мүчөлөр менен чектелбейт. Сөздөр эркин (бир) сөздөн да, сөздөрдүн туруктуу айкаштарынан да, ширешкен же бириккен уңгулардан да түзүлүп, өз алдынча сөз деген түшүнүктү бере алат [14, 1-б.]. Демек, алардын жасалуу ыкмалары, эрежелери да ар түрдүүчө.

Сөз жасоо проблемасы, анын ыкмалары, каражаттары, аларга байланыштуу эрежелердин илимий негиздери жана себептери атайын монографиялык планда кыргыз тил илиминде алгач 1939-жылы И. А. Батмановдун «Грамматика киргизского языка» [3] деген эмгегинде жана проф. Б. М. Юнусалиевдин «Синтаксический способ образования корневых слов» [18] деген

эмгегинде жана «Киргизская лексикология» китебинде [19] каралган.

1958-жылы Б. Орузбаева тарабынан жарык көргөн "Кыргыз тилиндеги сөз жасоочу аффикстер" аттуу китебинде сөз түркүмдөрүн жасоочу аффикстерге көңүл бурулат. Бул эмгекте автор өзүнүн алдына кыргыз тилиндеги сөз жасоочу аффикстердин негизгилеринин тизмесин сөз түркүмдөрү боюнча санап чыгып жана алардын жардамы менен жасалган сөздөрдүн кээ бир лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө кыскача токтолуу максатын коёт. Бул эмгекте айрым сөз жасоочу аффикстер алардын жардамы менен жасалган сөздөрдүн лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүнө жана аффикстердин өздөрү баш ийип турган фонетикалык туура келүү жана өтүшүү законторуна ылайык каралган [11].

Ал эми 1966-жылы С. Кудайбергеновдун "Кыргыз тилинде этишти жасоочу кээ бир мүчөлөр" [6] жана анын 1979-жылы "Кыргыз тилинде этиштин жасалышы" [7] аттуу эмгектери жарык көргөн. Бул эки эмгекте тең автор тарыхый-салыштырма методун жетекчиликке алган.

Китепте теориялык маселелер менен биргеэтимологиялык мааниси барэтиштерге көңүл бурулат. Тубаса этиштин уңгусун тектеш тилдердин материалдары боюнча салыштыруунун өзү эле ушундай абалга алып келгендиги айтылат. Кайсы китепте болбосун тарыхтын элементтеринин орун алышы окурмандардын кызыкчылыгын арттырбай койбойт, ал турсун жаш муундардын өз алдынча иштешине да түрткү берет деген ойдо болгон. Мүчөлөрдүн байыркы жана азыркы мезгилдеги маанилерин ачып берүүгө, ошону менен бирге алардын ушу кездеги абалын, өнүгүү тенденциясын аныктап, алар диахрондук жана синхрондук планда талданганы белгиленет.

1967-жылы М. Фиш "Словообразование немецкого языка в сопоставлении с киргизским языком" аттуу китебин жарыкка чыгарган. Ал эмгекте автор сөздүн лексико-морфологиялык структурасына кенениреэк токтолуп, морфемалар жөнүндө сөз баштаган. Кыргыз жана немис тилиндеги морфемалардын омонимдешүүсү жана синонимдешүүсү, алардын бири-бирине дал келген жана дал келбеген учурлары көп мисалдар менен берилет. Ар бир бөлүгүндө эки тилдин тең сөз жасоо принциптери мисалдары менен чагылдырылган. Автордун ою боюнча сөз жасоо лексикага да, грамматикага да тийиштүү [16, 3-б.].

Бул эмгекте негизинен немис сөздөрүнө көбүрөөк басым коюлуп кыргыз тилиндеги сөздөргө анча көп көңүл бурулган эмес. Сөздөрдү которууда немис тилиндеги сөздөрдү кыргыз тилине сөзмө-сөз түз которуу автордун кыргыз тилин анча билбегендигинен кабар берет. Мисалы немис тилиндеги *der große Tag – чоң күн* (туурасы: улуу күн), *vorlesen – кыйкырып окуу* (туурасы: үнүн чыгарып окуу) ж.б.у.с.

Ошентсе да бул эмгек ал кездин мыкты жетишкендиги болуп эсептелген.

Кыргыз тил илиминде сөз жасоо каражаттарын «курандылар» деген термин менен проф. К. Тыныстанов өзүнүн 1928-жылы жарык көргөн «Эне тилибиз» деп аталган окуу куралында эле аздыр-көптүр баяндаганын Б. Орузбаева белгилеген [12, 207-б.]. Аларды топтоштуруу принцибинде да мүчөлөрдүн тыбыштык эрежелердин негизинде вариант менен өзгөртүү касиеттери этибарга алынып, алардын топтору оошмо, сыйлыгышма жана туруктуу мүчөлөр деп аталып бериле баштайт. Алар *-чы, -чыл, -сыз, -чан, -ча, -ма, -бас, -дай, -луу, -лаш, -лык, -гыч, -гы, -ынды, -ым, -ыш, -уу, -ынчы, -чылык* мүчөлөрү.

Куранды мүчөлөрдү мындай бөлүштүрүү мектептердин окуу китептеринде кийинки жылдарга чейин сакталып келди.

1950-жылы тил илимине арналган «Правда» гезитиндеги белгилүү дискуссиядан кийин кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшүнүн ар кайсы маселелерин монографиялык планда изилдөө иштери күч алгандыгы белгилүү. Ошол мезгилден баштап сөз түркүмдөрүнө арналган бир нече диссертациялык изилдөөлөр, жогорку окуу жайлар үчүн морфология боюнча окуу куралдары жазылган. Ар кайсы говорлорго арналган диалектологиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп, алардан тиешелүү сөз жасоо каражаттары да өздөрүнүн орундарын ээлешет. Аларга мисал катары С. Давлетовдун «Кыргыз тилиндеги тактоочтор» [4], К. Дыйкановдун «Имена существительные в киргизском языке» [5], С. Кудайбергеновдун «Кыргыз тилиндеги тууранды сөздөр» [8], ушул эле автордун «Кыргыз тилиндеги ат атоочтор» [9], Б. Уметалиеванын «Имя прилагательное в киргизском языке» [15], Ж. Муканбаевдин «Джергетальский говор киргизского языка» авторефераты [10], Г. Бакинованын «Ысык-Көл говорлору» [1], анын «Кыргыз тилинин Ош говорлору» [2] деген эмгектерин айта кетсек болот.

Сөз жасоонун биринчи ыкмасы морфологиялык деп аталып, ал курандылар аркылуу жасалып алар сөзгө кандай кошумча маани киргизе алат, алардын жөндөмдүүлүгү, сөз түркүмдөрүнө тиешеси, тыбыштык түзүлүш өзгөчөлүктөрү, колдонулуу чөйрөлөрүнүн чектери сыяктуу олуттуу маселелери изилденсе, экинчи бир ыкмасы – синтаксистик же аналитикалык ыкма деп аталат.

Синтаксистик же аналитикалык ыкманын мазмуну – эки же бир нече сөздүн туруктуу айкашынын бир лексика-семантикалык мааниде колдонула алуу жөндөмдүүлүгү (*ат кулак, калем сап, сала коймо* (элечектин бир деталы), *соп камчы, кызыл үй, козу карын, жамбаш, ата-эне, үй-жай, көргөн-билген, кемпир-кесек, кушмаш ээр, ашкана, өйүз, үстөмөн* ж. б.). Мындай сөздөр адатта татаал сөздөр же болбосо, мектеп грамматикасында кош, кошмок жана бириккен сөздөр деген терминдер менен аталып келет.

Жогоруда аталган эмгектерде жана грамматикада татаал сөздөр, алардын жасалуу жолдору жөнүндө, ошондой эле татаал сөздөр менен эркин сөз айкаштарынын арасындагы окшоштук жана айырмалар жөнүндө да бир топ баалуу пикирлерди, таамай байкоолорду учуратабыз.

Татаал сөздөр атайы планда жана тилдин башка кубулуштары менен байланышта кыргыз тилинин материалдарынын негизинде Д. Шүкүровдун «Кыргыз тилиндеги татаал сөздөр» [17], Б. Юнусалиевдин «Синтаксический способ образования корневых слов» [18] эмгектеринде, алар жөнүндөгү айрым маалыматтарды К. Дыйкановдун «Имена существительные в киргизском языке» [5] аттуу изилдөөлөрүндө да учуратабыз.

Биз жогоруда сөз кылган кыргыз тилиндеги татаал сөздөрдү атайын изилдеген Д. Шүкүров: ал жаңы маанидеги эки же андан көп сөздөрдүн туруктуу айкаштарынын татаал сөз деп атала тургандыгын белгилеген. Автордун айтымында алар жөнөкөй сөздөрдөн маанисинин экспрессивдүүлүгү, түзүлүшү жагынан татаалдыгы менен айырмаланып, татаал терминдер (*өнөр жай*), кош сөздөр (*ата-бала*) жана татаал кыскартуулар (*АКШ*) болуп өз ара бөлүнөт.

Ал эми маанилик тең салмагына жараша, автордун пикири боюнча, татаал сөздөр толук маанилүү жана маанилерин толук сактай албай калган компоненттерден турган түзүлүштөр. Автордун татаал сөздөрдү алгачкылардан болуп изилдеген проблемаларды койгону менен илимий чечилиш даражасына келгенде кыйла карама-каршы принциптерде анча ырааттуулук болбой калганындай сыяктанат.

Кыргыз тили илиминде бул ыкманын механизми жана алкагы жөнүндөгү илимий көз караш Б. М. Юнусалиев тарабынан өтө кылдаттык менен терең иштетилгендигин атайын белгилөө керек.

Сөздөр жалаң эле морфологиялык каражаттардын жардамы менен жасалбастан, мурдагы сөздөрдү жаңы же өтмө мааниде колдонуу (алардын тизмектерин жаңы маани берүү үчүн колдонуу) аркылуу да жасалат. Андай болгондон кийин тилдик морфологиялык элементтер (б. а. курандылар) сөз жасоо каражаттарынын бир гана салаасы болуп эсептелет.

Сөз өзгөртүүчү (уланды) жана форма жасоочу мүчөлөрдөн айырмасы, курандылар – тилдин сөздөрдү жасоочу (б. а. лексиканы байытуучу) курулуш материалдарынын бири болуп, сан жагынан уландыларга караганда алда канча көптүк кылат. Өзгөчө сөз жасоочу мүчөлөрдү диахрондук (тарыхый-этимологиялык) планда изилдегенде алардын саны ар бир тил боюнча анын белгилүү тарыхый (синхрондук) учуруна салыштырганда айырмалуу келип, сан жагынан шайкештик байкалбайт.

Мүчөлөр түзүлүшү жагынан бир эле (үндүү) тыбыштан жана ар кандай муун типтерине окшош тыбыш айкаштарынан турат. Бул боюнча Б. О. Орузбаева «Словообразование в киргизском языке» деген эмгегинде мүчөлөрдүн жыйырма түрдүү муун типтерин мисалдары менен чагылдырган [13].

Ошентип, бул кыскача баяндамадан байкалгандай, сөз жасоонун каражаттарын илимий изилдөөдө колдонулуп жүргөн баяндоо ыкмаларынын бирөөнө гана артыкчылык берүү коюлган максатты чечмелөөдө анча ийгиликке алып келбейт.

Тилдеги морфокаражаттар эң алды менен изилдөө алкагына толук камтылышы, ошондой эле ал тилди мүнөздөөчү диахрондуулук жана синхрондуулук көрүнүштөрү бирдей эсепке алынып, же, тескерисинче, ар биринин максаттарына ылайык баяндалышы изилдөөчүнүн өз ишмердигине канааттануу сезимин туудура тургандыгын айта кетүү керек.

**Адабияттар:**
1. Бакинова, Г. Ысык-Көл говорлору. – Ф.: 1955. – 67 б.
2. Бакинова, Г. Кыргыз тилинин Ош говорлору. –Ф.: 1956. – 48 б.
3. Батманов, И. А. Грамматика киргизского языка. – Фрунзе, Казань: Киргизгосиздат, 1939. – 76 с.
4. Давлетов, С. Азыркы кыргыз тилиндеги тактоочтор. – Фрунзе: Киргизучпедгиз, 1960. – 77 б.
5. Дыйканов, К. Имя существительное в киргизском языке. – Фрунзе: АН Кирг. ССР, 1955. – 102 с.
6. Кудайбергенов, С. Кыргыз тилинде этишти жасоочу кээ бир мүчөлөр. – Фрунзе: Кырг. ССР Илим. Акад., 1966. – 180 б.
7. Кудайбергенов, С. Кыргыз тилинде этиштин жасалышы. – Фрунзе: Мектеп, 1979. – 125 б.
8. Кудайбергенов, С. Кыргыз тилиндеги тууранды сөздөр. – Фрунзе: Киргизучпедгиз, 1957. – 108 б.
9. Кудайбергенов, С. Кыргыз тилиндеги ат атоочтор. – Фрунзе: Кырг. ССР Илим. Акад., 1960. – 81 б.
10. Муканбаев, Ж. Кыргыз тилинин Жергетал говору: автореф. дис. ... канд. филол. наук / – Ф.: 1955. – 30 б.
11. Орузбаева, Б. О. Кыргыз тилиндеги сөз жасоочу аффикстер. – Фрунзе: АН Кирг. ССР, 1958. – 67 б.
12. Орузбаева, Б. О. Кыргыз тилинде сөз жасоо. – Фрунзе: Илим, 1984. – 311 б.
13. Орузбаева, Б. О. Словообразование в киргизском языке: автореф. ... дис. докт. филол. наук / Б. О. Орузбаева. – Фрунзе, 1964. – 103 с.
14. Уметов, К. К. Немис жана кыргыз тилдеринде сан атоочтордун жасалышы жөнүндө. – Бишкек: Вестник КНАУ №3 (70) 2024. –С.82-86
15. Уметалиева, Б. Ж. Имя прилагательное в киргизском языке. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1965. – 144 б.
16. Фиш, М. Ш. Словообразование немецкого языка в сопоставлении с киргизским языком. – Фрунзе: Мектеп, 1967. – 95 с.
17. Шүкүров, Д. Сложные слова в киргизском языке. – Ф.: Акад. наук Кирг. ССР, 1955. – 80 б.
18. Юнусалиев, Б. М. Синтаксический способ образования корневых слов. / Труды ИЯЛИ АН КиргССР. – 1956. - 5. – С.95-105.
19. Юнусалиев, Б. М. Киргизская лексикология: развитие корневых слов. – Фрунзе: Учпедгиз., 1959. – 247 с.